DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



*Бабаева А.Д., Бабаев М.Д.*

# СТУДЕНТТЕРДИН НРАВАЛЫК-УКУКТУК МАДАНИЯТЫН КАЛЫПТАНДЫРУУНУН ЖОЛДОРУ

*Бабаева А.Д., Бабаев М.Д.*

# ПУТИ ФОРМИРОВАНИЯ НРАВСТВЕННО-ПРАВОВОЙ КУЛЬТУРЫ СТУДЕНТОВ

*A.D. Babaeva, M.D. Babaev*

# WAYS OF FORMATION OF MORAL LEGAL CULTURE OF STUDENTS

*УДК: 347.01*

*Бул макала студенттердин нравалык-укуктук маданиятын калыптандыруунун негизги жолдору жөнүндө жазылган. Бул багытта укуктук ишмердүүлүктүн даярдыгы каралып, укуктук тармак боюнча активдүүлүгүнүн өстүүрүнүн шарттары берилген. Укуктук кырдаалдык тапшырмалар сунушталып, укуктун теория маселелерин окутуп үйрөтүүнүн ыкмалары көрсөтүлгөн. Макалада юридикалык нормаларды пайдалануу боюнча практикалык тапшырмалар жүзөгө ашырылган. Студенттердин нравалык-укуктук маданиятын өнүктүрүү максатында план боюнча окуудан тышкары ишмердүүлүктө иш чараларды уюштуруп, алардын аткарылышын көзөмөлдөө прооцессинде келип чыккан көйгөйлөрдү чечүү жолдору талкууланган. Андан башка колледждеги кеңеш иштеринин алып баруунун төрт багыты иштелип чыккан. Бул багытта юридикалык клиниканын иштери, студенттик юридикалык кеңештер, адамдын укугуна арналган конкурстар, радио уктуруулары, практик юристердин катышуусундагы тегерек столдордун уюштурулулушу талкууланган. Автор тарабынан сунушталган негизги багыттар нравалык-укуктук маданияттын жөнгө салуучулук компонентин калыптандырууга багытталган.*

***Негизги сөздөр**: нравалык-укуктук маданият, укуктук ишмерүүдүлүк, ыкмалар, студенттер, негизги багыттар, компоненттер, укуктук билим.*

*В данной статье описываются основные способы формирования нравственно-правовой культуры студентов. В этой области проводится юридическая подготовка и создаются условия для развития правовой деятельности. Представлены правовые ситуационные задачи и методика преподавания теории права. В статье приведены практические указания по применению правовых норм. В целях развития нравственно-правовой культуры студентов были организованы внеучебной деятельности мероприятия в соответствии с планом, а также обсуждены пути решения проблемы в процессе мониторинга их реализации. Кроме того, были разработаны четыре направления консультирования колледжей. В связи с этим обсуждалась деятельность юридической клиники, студенческих юридических советов, конкурсы по правам человека, радиопередачи, организация круглых столов с участием практикующих юристов. Основные направления, предложенные автором, направлены на формирование компонентов нравственно-правовой культуры.*

***Ключевые слова**: нравственно-правовая культура, правовая деятельность, методы, студенты, основные направления, компоненты, правовое образование.*

*This article describes the main ways of forming the moral and legal culture of students. In this area, legal training is being conducted and conditions are being created for the development of legal activity. Legal situational tasks and methods of teaching the theory of law are presented. The article provides practical guidance on the application of legal norms. In order to develop the moral and legal culture of students, extracurricular activities were organized in accordance with the plan, and ways to solve problems in the process of monitoring their implementation were discussed. In addition, four areas of college counseling have been developed. In this regard, the activities of the legal clinic, student legal councils, human rights contests, radio broadcasts, and the organization of round tables with the participation of practicing lawyers were discussed. The main directions proposed by the author are aimed at the formation of the components of a moral culture.*

***Key words**: moral and legal culture, legal activity, methods, students, main directions, components, legal education.*

Кыргыз Республикасынын келечеги жаштардын тарбиясына, билим деңгээлине, физикалык жана рухий жактан өнүгүшүнө, жаран катары калыптанышына карата аныкталат. Ушул багыттан алып караганда, инсан катары студенттердин нравалык-укуктук негиздерин калыптандыруунун маанилүү учуру болуп, орто кесиптик билим берүү чөйрөсүндө окуган мезгили эсептелет. Студенттер окуу процессинде алган билим жетишсиз экендигин эң жакшы билишет. Ошондон улам алар өз кесиптик маалыматтарды алдынча толуктоого, азыркы маалымат агымына, анын

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



ичинде нравалык-укуктук маалыматка багыт алуу зарыл үчүн аракет жасоо керек.

Укуктук билимин, жөндөм-шыгын кеңейтүүгө жасалган студенттердин аракеттеринин көрсөткүчтөрүнүн бири – бул алардын өз алдынча юридикалык адабияттарды, монографияларды ж.б.у.с. окуп үйрөнүүгө умтулгандыгы болуп эсептелет. Биздин көз карашыбызда, дал ушул студенттердин өз алдынча иштери билим берүүнүн маданий көлөмүн кеңейтүүнүн башкы бутактарынын катарын толуктайт. Нравалык-укуктук маданияттын баардык байлыктары эсептелип бөлүнгөн окуу сааттарынын чегинде толук ачылып көрсөтүлүшү мүмкүн эмес.

Студенттердин нравалык-укуктук маданиятын калыптандыруунун алгачкы жолу катары биздин көз карашыбызда, студенттердин укуктук ишмердүүлүккө даярдыгын оптималдаштыруу кирет. Биз мындан студенттердин укуктук активдүүлүгүн, мыйзам чегиндеги жеке жүрүм-турумун түшүнөбүз. Мындай шарт студенттердин белгиленген ишмердикке натыйжалуу мотивдерин өстүрүп, алардын укуктук билимдерин көрсөтө билүү боюнча ар тараптуу даярданууга, укуктук таалим-тарбия ишине аралашуу жөндөмдөрүн активдештирет. Нравалык-укуктук билимди терең, ар тараптуу өздөштүрүү менен эле чектелиши, инсандын өзүнө жүктөлгөн багыттык функцияларды реалдуу чындыкка жакын аткарууга жана укук ишмердүүлүгүнө даярдыгын камсыз кылууга мүмкүнчүлүк бербеген формалдуу, толук эмес билим алуу деген пикирге кошулууга болот. Башкача айтканда, эгерде, адам өздөштүргөн билимин турмушта пайдалана албаса, ал чыныгы билим болуп эсептелбейт. Мына ушуга байланыштуу студенттерге укуктук билим берүүнү сапаттуу жүзөгө ашыруу жолдору жөнүндөгү маселе келип чыгат.

Бул маселени чечүүнү издеген жол бизди бекем билимге каныктырып, студенттердин укуктук активдүүлүгүн өстүрүп, алган билимин чыгармачылык менен колдоно билип, реалдуу турмушта укук чегиндеги жүрүм-турумунун камсыз болушуна өбөлгө боло турган шартты түзүүгө алып барды. Бул пландын келечектүүлүгү –билим берүүнүн проблемалык-ишмердүүлүк концепциясынын чегиндеги ыкмаларды жүзөгө ашыруу усулунун эсебинен нравалык-укуктук билимдин сапатын жогорулатууда экендиги дайын болду. Бул теориянын принципиалдуу жобосу – студенттердин нравалык-укуктук билимди эффективдүү өздөштүрүү маселесине, алардын атайын уюштурулган ишмердүүлүккө, анын ичинде, адекваттык күндөлүк турмуш мазмуну боюнча кырдаалдык-укуктук тапшырмаларды аткаруудагы активдүүлүгүнө барып такалат.

Мына ушуга байланыштуу студенттердин нравалык-укуктук маданиятын өнүктүрүүнүн кийинки шартына окутууну проблемалаштыруу кырдаалы кирет. Укуктук-кырдаалдык тапшырмалар сунушталган бул окуу ишмердигинин түрүндө укуктун теориялык маселелерин окутуп үйрөтүүнүн, ошондой эле мыйзамдар менен иштөөнүн практикалык ыкмаларын калыптандыруунун салттык усулдарын алмаштыруу максат кылынбайт. Бул ыкманын окуу усулдарынын катарын толуктап, алардын эффективдүүлүгүн күчөтө тургандыгы ал окуу процессине жайылтылгандан кийин айтыла баштаган. Ошону менен катар эле укуктук таалим тарбия ишиндеги кырдаалдык-тапшырмаларды аткаруудагы пайдасы жөнүндө да студенттер көп белгилешет [1, 158-б.].

Укуктук билимди ийгиликтүү өздөштүрүлүшү аны жаттатып окутууда эмес, юридикалык нормаларды пайдалануу боюнча практикалык тапшырмаларды аткарууга багытталган ишмердиктин жүрүшүндө жүзөгө ашырылат. Ошондой эле сабактын жүрүшүнө студенттердин ортосундагы атаандаштык элементеринин, активдүү укуктук ишмердикке карата студенттердин даярдоонун, кырдаалдык-укуктук тапшырмаларды аткаруу ыкмалары нын киргизилиши – окуу процессинин кызыктуу жана пайдалуу натыйжаларды бере тургандыгын көрсөттү.

Студенттердин нравалык-укуктук маданиятын калыптандыруунун жолу катары студенттердин нравалык-укуктук маданиятын өнүктүүрүн комплекстик программасынын түзүлүшү болуп эсептелет. Алардын нравалык-укуктук маданиятын өнүктүрүү максатында план боюнча окуудан тышкары ишмердүүлүктө иш чараларды уюштуруу, алардын аткарылышын көзөмөлдөө прооцессинде келип чыккан көйгөйлөрдү чечүү жолу кеңеште талкууланып, бул ишмердикти жакшыртуу чаралары аныкталат. Кеңеш өз ишин төрт багыт боюнча уюштурат. Анын биринчи багыты студенттерге укуктук билим берүүнү жүзөгө ашырууга байланышкан. Студенттерге нравалык-укуктук билим берүү мүмкүнчүлүгү окуу жана окуудан тышкаркы ишмердүүлүктө, анын ичинде, укуктук билимди ар тараптуу пайдалана билүүгө негиз боло турган атайын курстарда жүзөгө ашырылат.

Экинчи багыт Ош мамлекеттик юридикалык институтунун орто кесиптик окуу жайынында укуктук пропаганданын уюштурулушу менен байланыштырылган. Бул багытта юридикалык клиниканын иштери, студенттик юридикалык кеңештер, адамдын укугуна арналган конкурстар, радио уктуруулары,

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



практик юристердин катышуусундагы тегерек столдор, иштиктүү оюндар ж.б.у.с. уюштурулулушу каралган.

Үчүнчү багыт студенттердин активдүү укуктук ишмердигинин уюштурулушу, орто мектептин окуучуларына студенттердин тарбиялык иштерди, алардын арасында укуктук сабактарды, диспуттарды, кечелерди, укуктук конкурстарды ж.б.у.с уюштуруу ишмердиги менен байланыштырылган [2, 47-б.].

Төртүнчү багытта жамаатта укук бузууларга эскертүү берүү жолу каралат. Мында укуктун бузулушуна жол ача турган шарттарды, себептерди кыскартуу боюнча уюштурулган иш чаралар өткөрүлөт. Студенттер тарабынан жасалган кылмыш иштери, администрациялык жана тартиптик укук бузуулар активдүү түрдө каттоого алынып, аларга моралдык жана укуктук чаралар көрүлөт. Укук коргоо органдары менен биргеликте иш чаралар өткөрүлөт. Спирт ичимдиктерин пайдалануу, уурулук, наркомания, окуу корпустарында, жатаканаларда комдук тартиптин бузулушун алдын алуу боюнча эскертүүлөр берилип, мыйзам бузуулар катталган учурда тартипке чакыра турган коомдук аракеттердин туура колдонулушу көзөмөлдөнүп турат. Бул ишке окутуучулардын дээрлик бардыгы тартылат да, көзөмөлдөө функциясы юридикалык колледждин директоруна берилет. Ал эми колледждин жетекчилиги, мугалимдер, кураторлор, ж.б.у.с. биргелешкен аракеттин объектиси болгон студенттер, тагыраак айтканда, окуу-таалим-тарбия процессинин түздөн-түз катышуучулары менен биргелешкен аракет аркылуу жетишкен натыйжа анын өзгөчөлүгү болуп саналат. Себеби, ал студенттик клубдун, спорт клубунун башчысы, студенттик өзүн-өзү башкаруу ишмердиги түздөн-түз байланышта иш алып барат. Бул кызматташуу рефлекстик багыттык окуу-таалим-тарбия чөйрөсүнүн түзүлүшүнө, биринчи курстан студенттердин нравалык-укуктук маданиятын эффективдүү калыптандырууга жол ачат.

Биздин институтта рефлекстик багыттык окуу-таалим-тарбия чөйрөсүнүнүн кошулушу аркылуу студенттин инсан катары өнүгүшүнө, анын колледжге адаптациялоо процессине позитивдүү таасирлер жүзөгө ашырылып жатат. Изилдөө ишибиз көрсөткөндөй, колледждин студентинин социалдашуу фактору катары алардын жаңы чөйрөгө адаптациялануу мүнөздөрүн жана критерийлерин, ошондой эле обочолонуу мүмкүнчүлүктөрүн, анын педагогикалык потенциалын, турмуштук актуалдуу маселелерди (социалдашуу маселеси) чечүү жолу аркылуу аныктайт.

Биздин институтта нравалык-укуктук ишмердиктин негизги түрлөрү болуп: долбоордук семинарлар, волонтердук, кайрымдуулук акциялар, нравалык-укуктук темаларда балдар үйүндө “тегерек столдордун” өткөрүлүшү, баш калка жайларына жардам берүүлөрдүн уюштурулушу эсептелди. Бул ишмердиктерде мисал көрсөтүп, окутуучулар, кураторлор өздөрү активдүү катышып жүрүштү. Студенттердин нравалык-укуктук маданиятын калыптандыруу үчүн рефлекстик багыттык окуу-таалим-тарбия чөйрөсүн түзүү боюнча Юридикалык клиникага баруу да тажырыйба катары кызыктуу. Юридикалык клиникаларга кабыл алууну мугалимдердин жетекчилигинде юрист-студенттер жүргүзөт. Келечекте дипломдуу адис боло турган бүгүнкү күндүн студенттери коомдук турмуштун ар кандай чөйрөсүнө: социалдык, турак жай мыйзамына, билим берүү чөйрөсүндөгү мыйзамдарга, эмгектик укуктук мамилелерге, өспүрүмдөрдүн укугун коргоого, пенсиялык камсыздандырууга тиешелүү маселелер боюнча акысыз кеп-кеңеш беришет. Юридикалык клиникалардын ишине байкоочу катары башка факультеттердин студенттери да катыша алышат.

Ош мамлнкеттик юридикалык институтунун окутуучулары белгилегендей, студенттик юридикалык клиника болочок юристердин өндүрүштүк практикасы үчүн туруктуу база болуп калды. Ошону менен катар эле калк катмарына тиешелүү болгон социалдык маселелердин чечилишине институттун жамааты катышып, биргеликте аракет кылууну камсыздап турат. Клиникада юридикалык факультеттин студенттери реалдуу тажырыйбаларды алып, иш кагаздарын толтуруп, административдик жана сот органдарына кайрылышат.

Нравалык-укуктук маданиятты өнүктүрүү багытындагы ишти көздөгөн максатка жетиши окутуучулар менен студент өнөктөш боло алган шартта гана натыйжалуу жемишин бере тургандыгын аныктадык. Биздин көз карашыбызда, студенттердин нравалык-укуктук маданиятын өнүктүрүү процесси окутуучунун инсандык деңгээлине түздөн-түз көз каранды. Мына ушуга байланыштуу кийинки ыкма катары студенттерге нравалык-укуктук билимди берип жаткан окутуучунун кесипкөйлүгү болуп саналат. Албетте, ар бир окутуучу – өз ишмердигинин чөйрөсүндө компетенттүү. Аны менен бирге эле ал укуктук мамилени татыктуу алып жүргөн инсан катары жогорку деңгээлдеги даярдыкты көрсөтө алат. Ошону менен катар эле студенттердин билимин калыптандырып, окуу-тарбиялык иштерди уюштурат, окутуунун туура ыкмаларын тандап, окуу жана окуудан тышкары процессинде жагымдуу чөйрө түзүүсү абзел.

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



Нравалык-укуктук маданиятты өнүктүрүү процессинде биз студентердин чыгармачылык жөндөмшыктарын ийгиликтүү өстүрүүгө аракет жасайбыз. Бул маселенин чечилишин аныктоочу элемент – окутуучунун инсандык чыгармачылыгы болуп эсептелет.

Студенттер менен иш алып барган биздин тажрыйбабыз, укуктук билимди, баалуулук мамилелерин алардын сезимине, акыл-эсине сиңире турган мүмкүнчүлүк дал ушул кызыктыруу жолунда тургандыгын ишенимдүү айтууга негиз болду. Кызыгуу жок болсо маданият менен жасалган туруктуу байланышка, анын ичинде укуктук маданиятка боло турган суроо-талап таптакыр калыптанбайт.

Окутуучу билим системасын алып жүрүү менен эле чектелбей, студенттерге билимге карата болгон өзүнүн мотивациялык-баалуулук мамилесин өткөрүп берет. Чебер педагог жагымдуу кырдаалды, шаңдуу кубанычты жаратып, студенттердин канааттанууга жеткирип, алардын баары баш тартпай кирип кете турган пайдалуу ишмердиктин формасын сунуш кылат.

Педагогдун предметке кызыктыруусу деңгээлин жоготпой, студенттин аң-сезимине өзүнүн жүрүм-турумун, өзүнүн каалоо-тилеги катары өтүп кетет. Окуу материалдарын окутуучу качан гана өз түшүнүгүнүн призмасы, жеке тажырыйбасы аркылуу бергенде ал материалга карата студенттердин мамилесин белгилүү деңгээлде моделдештире алат. Педагогдун предметке кызыктыруу чеберчилиги студенттердин ал предметти ачып көрсөтүүгө болгон кайтарым мамилесинин жаралышына чакырык таштайт. Ошондуктан, педагогдон материалды берүүгө чын дилден жасалган аракет, эмоционалдык толкун, педагогикалык сезим талап кылынат.

Изилдөө ишибиз көрсөткөндөй, студенттердин активдүү укуктук ишмердигиндеги чыгармачылыктын негизги мотивдерин – ишмердик натыйжаларын жакшыртууга жасалган инсандык чыгармачылык аракети деп эсептейбиз.

Ийгиликтеги ишеним студенттердин укукту, мыйзамдарды окуп үйрөнүшүнө, алган билимин укуктук ишмердигинде активдүү колдонушуна, студенттер менен укуктук таалим-тарбия ишин өткөрүүгө жагымдуу таасир бере тургандыгы шексиз.

Тандалган кийинки педагогикалык ыкмалар нравалык-укуктук функцияны актуалдаштырууга багытталып, окутуунун активдүү усулдарын колдонуу менен максатка ылайык, студенттердин окуу ишмердигине кошулушу, мурдагы шартка логикалык кошумча болуп саналат.

Коомду өнүктүрүү тапшырмасы узгүлтүксүз өз деңгээлинде татаалдашып турушу үчүн - билим берүү мекемелери нравалык-укуктук билим берүүнүн жаңы ыкмаларын, таалим-тарбия каражаттарын, усулдарын, формаларын тынымсыз иштеп турушу керек. Коомдун суроо- талабынын өзгөрүшүнө жооп кылып, өзүнүн укуктук таалим-тарбия жана билим берүү ишмердигин - адистердин нравалык-укуктук маданиятын жогорулатууга байланыштырып иштеп чыгат. Анын негизинде студенттердин эртеңки кесиптик ишмердигиндеги укуктук функцияларын актуалдаштырууга алып бара турган окуу процессинин активдүү усулун түзүшөт.

Сунушталган бул багыттар баарынан мурда, нравалык-укуктук маданияттын жөнгө салуучулук (жүрүм-турум) компонентин калыптандырууга багытталган. Аны биз пикир алышуудагы, жүрүм-турумдагы, ишенимдеги пайда болгон укуктук маданият тажрыйбасы катары карадык. Укуктук материалдарды терең өздөштүүгө, укуктук ой жорумга ээ болууга, чыгармачылык шыкты өстүрүүгө, келечектеги кесиптик ишмердигиндеги нравалык-укуктук аспектилерге багыт алууга жол ача турган окуунун мыкты усулдары аркылуу максатка жетүүгө болот. Анткени, окуу усулу – бул педагогикалык максатка ылайык педагог менен окуучулардын өз ара кызматташуусун, белгилүү бир чөйрө үчүн окуу, өнүктүрүү, тарбиялоо тапшырмасынын аткарылышынын уюштуруу эрежелерин, принциптерин жөнгө салуучу система [3, 26-б.].

Белгилүү педагог Ю.К. Бабанскийдин пикири боюнча - мугалимдин ишмердигинин негизги компоненттери боюнча - окуу усулдарынын төмөнкүдөй системалары каралат [4, 192-б.]:

- окуу ишмердигин уюштуруу жана жүзөгө ашыруу (оозеки, көргөзмөлүк, практикалык, репродуктивдик, проблемалык, индуктивдик, дедуктивдик, өз алдынча иштер жана мугалимдин жетекчилиги алдындагы иштер);
- түрткү берүү усулу жана студенттердин мотивациялары ( кызыгуу жаратуу ыкмалары, таанып билүү оюндары, турмуштук кырдаалдарга анализ, ийгилик шарттарын жаратуу, окуудагы жооперчиликти жана милдетти калыптандыруу усулдары);
- текшерүү жана өзүн-өзү текшерүү ыкмалары (оозеки, жазуу түрүндөгү текшерүүлөр, лабораториялык, практикалык иштер, программалаштырылган машиналык текшерүү, фронталдык, күндөлүк жана жыйынтыктоочу текшерүүлөр).

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



Окуунун активдүү усулдары мыйзамдын жоболорун реалдуу турмуштук кырдаалдарда, студенттердин келечектеги кесиптик ишмердигинде адекваттуу пайдалана билүү мүмкүнчүлүктөрүн, жөндөм-шыгын өстүрөт. Укуктук талаптарды сактай билүүгө байланышкан адаттарын иштеп чыгып, туура жүрүм-турумду тандоого жардамдашат. Өз укугун, кызыкчылыктарын коргоо мүмкүнчүлүктөрүн, жөндөмдөрүн калыптандырып, социалдык-укуктук активдүүлүгүн жаратат; социумдагы ишмердиктин болочок адистери болгон студенттердин даярдыгын жүзөгө ашырат, тагыраак айтканда, укуктук чектеги мүнөздөрдүн аныкталышы - нравалык-укуктук маданияттын жөнгө салуу критерийине шайкеш келет.

Ошондуктан, биз өз ара байланыштагы бирибири менен шартталган негизги ыкмалар комплексин аныктап, түзүп чыктык. Биздин көз карашыбызда, ал орто кесиптик билим берүү процессинде студенттердин нравалык-укуктук маданияттын калыптандыруу процессин жандандырат.

**Адабияттар:**


1. Бабаева А.Д., Токторова А.Э. Орто кесиптик окуу жайлардын студенттерин инсандык жактан калыптандыруу процессинде нравалык укуктук тарбия берүүнүн ролу // Журнал «Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана», №12. - Бишкек, 2018. - 158-160-бб.
2. Бабаева А.Д., Токторова А.Э. Роль нравственно-правового воспитания в процессе формирования личности студентов колледжа // Вестник Саратовского государственного университета им.Н.Г.Чернышевского. - Саратов, 2019. - 45-49-бб.
3. Катунина Н. Воспитание позитивных ценностей в системе образования. // Журнал «Концепции и системы», №6. - Москва, 2012. - 21-26-бб.
4. Бабанский Ю.К. Оптимизация учебно-воспитательного процесса: методологические основы. - Москва, 1982. - 192-б.